**УДК 373.2**

***Калыбекова А., Бектурова Э.***
*Калыбекова Аида - магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Бектурова Эмилия – п.и.к., доц. м.а., С. Нааматов атындагы НМУ*

# КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРДЫН АДЕП МАДАНИЯТЫН ТАРБИЯЛООГО ДАЯРДООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПОДГОТОВКИ К НРАВСТВЕННОМУ ВОСПИТАНИЮ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

# PEDAGOGICAL FOUNDATIONS OF PREPARATION FOR MORAL EDUCATION OF JUNIOR SCHOOLCHILDREN

***Аннотация.*** *Макала кенже окуучулардын адеп маданиятына тарбиялоо негиздерин калыптандыруу боюнча мектептердин иштөө тажрыйбаларын үйрөнүү менен адеп маданиятын тарбиялоо моделин түзүү менен аныкталат.*

***Аннотация.*** *В статье определяется создание модели воспитания нравственной культуры путем изучения практики работы школы по формированию основ нравственной культуры воспитания младших школьников.*

***Abstract.*** *The article defines the creation of a model of moral culture education by studying the practical work of the school for the formation of the foundations of moral culture in the education of junior schoolchildren.*

***Түйүндүү сөздөр****: Адеп, адептүүлүк, адеп-ахлак, жүрүм турум, нравалуулук, каада салт.* ***Ключевые слова****: Манеры, порядочность, нравственность, поведение, мораль, обычаи.* ***Key words****: Manners, decency, morality, behavior, morality, custom.*

Азыркы заманда адептүүлүк маселелеринин чечилиши коом менен адамдын ортосундагы байланышы аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Билим берүү системасындагы реформанын бирден бир орчундуу маселелеринен болуп, өсүп келе жаткан жаш муундарды өз өлкөсүнө берилген, демократиялык жана эгемендүүлүк мамлекетте жашай жана иштей биле турган инсандарды адептүүлүккө тарбиялоо болуп эсептелет. Андыктан, алдыбызда бүгүнкү жаш муундарды келечектеги коомдун, мамлекеттин жүгүн көтөрө ала турган, адептүү адам катары калыптандыруу жана тарбиялоо жоопкерчилиги турат. Ушунун негизинде соңку мезгилде жаштарга адеп-ахлактык билим, тарбия берүүгө жана алардын адептүүлүк касиеттерин өнүктүрүүгө зор талап коюлуп отурат.

Адептүүлүккө тарбиялоо түшүнүгүн тереңирээк талдоо үчүн, адептик тарбиянын теориясына азын-оолак кайрылып көрүүнү туура таптык. Бул болсо иштелип жаткан проблеманын теориялык баалуулугун ачууга, аларды чечүүдөгү кыйынчылыктарды иликтөөгө, изилдөөнүн жалпы педагогикалык диапазонун кеңейтүүгө көмөкчү болот деп эсептейбиз.

Мораль – аң сезимдин формасы, ал эми адептик – практикадагы жорук-жосундар, каадалар, кулк-мүнөздөр чөйрөсү.

Г.Гегель адептик (нравалуулук) түшүнүктүн моралдан айырмасы бар деп эсептейт. Тарыхта мораль жана адептик түшүнүктөрү боюнча ар түрдүү көз караштар да бар.

Алсак, нравалуулук – коомдогу аң-сезим формаларынын бири деп берилген педагогикалык энциклопедияда [3]. Адеп – ал коомдук жана жалпы адамзаттык талаптар, ички мотивдер менен шайкеш келүүчү инсандын адептүү чөйрөсү, адамдын өз демилгелүүлүгү менен чыгармачылыгы өзүнүн аң сезимдүүлүгү аркасында каршылык

жаратуу үчүн ички дүйнөсүнө жана коомчулукка өтүп кетүүчү өзүн-өзү ичтен мажбурлоо чөйрөсү деген аныктама келип чыгат.

С.И. Гершун, Ж. Жоокаев, Г.Т. Токторовдор түзгөн «Психология боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү» деген эмгегинде «Нравственное понятие (адептүү түшүнүк) – адамдын коомго жана башка кишилерге жасаган мамилеси, б.а. адептүүлүк мамилелердин эң башкы (негизги) жактарын чагылдырып көрсөтүүчү түшүнүк» – деп берилет[2.160–б].

Мындан алардын «адеп-ахлак» түшүнүгү инсандын коомдук, адамдык, социалдык чындыкты жана өзүн-өзү адептик жана жалпы эле адамзаттын тажрыйбасы, байлыгы менен турмушундагы катышуучу нерсе катары карап, анын өз мамлекетине, өлкөсүнө демилгелүүлүгү, чыгармачылыгы өзүнүн аң-сезимдүүлүгү аркасында адамдар менен болгон карым-катнаштарында, адептик мамилелерине болгон милдетин камтып турарын түшүнгөндүгү көрүнөт.

Азыркы учурда адептик термини менен ар бир адам баласынын ички жана сырткы дүйнөсүнүн таза болушу, жүрүш-турушу, тартиби, сылыктыгы, абийири, пейили, үрп-адаттарынын жыйындысы жана адамдын адамдык баасын аныктоочу чен-өлчөмү, жорук-жосундары, кулк-мүнөздөрү, каадалары бар инсанды түшүнөбүз. Адептүү адам болуу менен коом алдында өздөрүнүн алдына коюлган милдеттерин аткарышат. Адептүүлүк инсан катары ал өз мамлекетинин ичинде жана андан тышкары жерлерде мамлекет тарабынан камкордук жүрүштуруш нормаларын жана принциптерин колдоно алат. Демек, мындан адамдын мамлекетке (коомго) таандык болуусунун адептүүлүк натыйжасы келип чыгат. Ушул таандык болуунун өзү б.а. адамдын коом менен болгон мораль жана адептик байланышы адептүүлүк деп аталат.

Бул түшүнүктүн кыргызча аталышы буга чейин илимий түрдө аныкталган эмес. Буга тийиштүү сөздүктөрдүн биринде дагы түшүндүрмө берилбегендиги далил боло алат. Бирок мындан биз бул түшүнүктүн кыргызча так которулушу жок деген жыйынтык чыгаргыбыз келбейт. Канчалык которулбаган түрүндө көп колдонулса дагы анын кыргызча аталыштары бар жана алар бүгүнкү күндө кеңири колдонушка ээ. Учурда кыргыз тилинде «нравалуулук» деген И.С.Кондун этика боюнча сөздүгүндө түшүнүктүн котормосу катары «адептик» жана «адептүүлүк» деген сөздөр колдонулуп жүрөт[3, 12]. Эгерде бул сөздөрдүн түпкү маанисине көңүл бура турган болсок, К.К. Юдахиндин «Кыргызча орусча сөздүгүндө»: «нрава – нравы»: ал эми «адеп-воспитанность, вежливость, учитывость», «адептүү – воспитанный, вежливый, учитывый»деп берилген. Нравственность деген термин нравы деген сөздөн келип чыккан. Нравы адамдардын күндөлүк турмуштагы жүрүш-турушунун нормасы жана эталону болуп эсептелет[4].

Б.Аманалиевдин «Философиялык терминдердин кыскача сөздүгүндө» «нравственность – адептүүлүк, нравалуулук» деп берилген[2,25б].

Ошондой эле Х.Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» деген эмгегинде адеп (араб тилинен алынган) жүрүм-турум, сылыктык дегенди билдирет. Ал эми адеп-ахлак араб тилинен алынган жүрүм-турум, жорук-жосун, кулк-мүнөз, усул деп белгилеген[3, 54б].

Мына ушинтип «адеп-ахлактык» (нравалык) же «адептик» (нравалуулук) түшүнүгү коомдук формациялардын өзгөрүшү менен жаңы пайда болгон коомдун талаптарына жараша өз маанисин алмаштырып турары такталып, ар бир коомдук класс өз алдынча адеп-ахлактын үлгүсүн түзөрү аныкталды.

Ал эми адеп-ахлак түшүнүгү көпчүлүк элдин кеңири пайдалануусуна ээ болуп келгендигинен анын түпкү маанисинин илимий аныктамасын бир дагы сөздүктөн кездештире албадык. Ошондой болгону менен анын маанисин түшүнүү анчалык

кыйынчылыкты туудурбайт деген ойдобуз. Орто кылымдарда эле байыркы философтор жана ойчулдар адеп-ахлак тууралуу ойлорду сапаттарды жана башкаларга салым кошкон.

Биздин оюбузча, адеп-ахлак түшүнүгү анчалык кыйынчылык туудурбайт. Биздин чечмелөөбүздө «адеп-ахлак» түшүнүгү «адеп» жана «ахлак» деген эки сөздөн түзүлгөн башкача айтканда, адеп ахвалы, сапаттары, үрп-адаттары, каада-салттары, ак ниеттүүлүгү, абийирдүүлүгү, адилетүүлүгү, ак пейилдүүлүгү, убадага бектиги, мээримдүүлүк деген маанини берет. «адеп» деген сөздү биздин турмушубуздагы адамдын адамдык баасын аныктоочу чен-өлчөмдөрү деген тар мааниде гана эмес, анын практикадагы каада-салттар, кулк-мүнөздөр чөйрөсү туулган жери, ата-эне, ата-журт, айлана-чөйрө, мектеп деген түшүнүктөр менен да тыгыз байланышта экенин билебиз. Мисалы айлана-чөйрө, маданият, дин, аталар салты, ата журтуң, улуттук, үй-мүлкү, элдик оюндар, деген түшүнүктөр дал ушул биз айтып жаткан ойдун ачык далили болот. Бул түшүнүктөр «эл», «калк» деген маани менен тыгыз байланышта. Анткени ата-бабаларыбыз эли-жерин коргоп, Ата журту үчүн кызмат кылган эр азаматтарына «атанын баласы», «элдин абийири» деген бийик жана ыйык наамды ыраазы болуу менен, сыймыктануу менен ыйгарышкан. Аларга ак жол тилеп, аруу баталарын беришкен. Мына ушул нуктан алып караганда «адеп-ахлак» түшүнүгүн нравалык тарбиянын бирден бир өзөгү болгон «мораль» түшүнүгүнүн котормосу катары алуу туура деген жыйынтык чыгарууга да негиз бар. Себеби адептүү болуу үчүн эң биринчиден – мораль болуу керек. Ошондо гана адепахлакты тутунган адам өз өлкөсүнүн көздүн карегиндей сакталышына камылга көрүп, анда жашап жаткан элдерди сүйүп, милдеттерин туура аткарган инсан боло алат.

Адептүүлүк сезими аны жаман адаттардан тышкары болуп өз ата журтунун, мейли ал анын туулуп өскөн Мекени болбосо да, анда жашап жаткан соң, аны кадырлоого, өзүнүн туура жүрүм-туруму, келечекке болгон активдүүлүгү менен алдыга сүрөөгө дымак берип, өлкө алдында өзүнүн бийик жоопкерчилик сезимин арттырууга көмөкчү болот.

Соңку мезгилдерде билим берүү салаасында эмгектенген тарбиячылар, практик-мугалимдер кыргыз тили жана адабияты илимине, этнопедагогикага өз салымдарын кошуп жаткан окумуштуулар өз эмгектеринде адеп-ахлак түшүнүгүн жыш колдонуп жатпаса керек. Оюбуз далилдүү болуш үчүн төмөнкү мисалдарга кайрылсак.

«Адеп маданияты» деген түшүнүк илимий-теориялык жана методикалык изилдөөлөрдө бүгүнкү күнгө чейин мазмуну жана мааниси жагынан ар кандай түшүндүрүлүп келүүдө. «Маданият» - (cultura)- латын тилинен которгондо «оңдоо», же «иштетүү» деген маанини билдирет[1].

Демек, «Маданият дегенибиз – адамзаттын пайда болгон күнүнөн ушул убакытка чейин жыйналган билими, ал билимге таянып иштеген иш өнөрү» деп айтсак болот. Улуттун гүлдөп өсүшү илимий маданият менен тыгыз байланышта, анткени илим менен маданият бардык дүйнөнүн алтын алкагы. Ал эми адам баласы өз билимин, билгичтигин жана ыктарын, ишаракетин курчаган адамдар менен болгон мамилени жасай алган, ал үчүн илимий-практикалык билими бар жана аны иш жүзүндө колдоно ала турган инсан.

Философиялык сөздүктө «маданият –адамдын дүйнөлүк жаратылышты сактоо жана жаңыртуу үчүн колдонулган формаларынын эволюциясын далилдөөгө арналат жана адамдын тиричилик аракетинин эрежелеринен аныкталат» - деп берилген [2].

Өлкөбүз эгемендүүлүгүн колуна алып, өзүнчө өнүгүү жолуна түшкөн ушул тапта мамлекет тагдырын ойлогон, улут камын көздөгөн, анын өнүгүшүнө өз салымын кошо алган уулкыздарды тарбиялап, өстүрүү, аларды келечектин чыныгы адептүү инсаны

катары калыптандыруу ар бир ата-эненин, педагогдун, жалпы коомчулуктун негизги милдети.

Мына ушундай милдетти ишке ашыруу максатында жүргүзүлгөн изилдөө иши төмөнкүлөрдү көрсөттү:

Адептүүлүккө тарбиялоо иши ар бир коомдун этаптарында олуттуу маселе катары каралып жана коомдук этаптын алмашышына ылайык мазмунунун өзгөрүп турушун Буга чейинки илимий эмгектердеги жыйынтыктар далилдейт.

**Адабияттар:**


1. Абдыкаимова У. Адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоодогу иш тажрыйбаларым // Эл агартуу. – Б., 1994. – № 5-6. – 70-75-бб.

2. Азбука нравственного воспитания: Пособие для учителя. –М.: Просвещение, 1979. –
318 с. 3. Кон И.С. Этика боюнча сөздүгү. – Ф.: Кыргызстан, 1983.
– 12 б.

4. Райымкулова А.С. Формирование нравственных качеств личности будущего учителя в условиях демократизации общества. (На материалах вузов Республики Кыргызстан): Дисс. .. канд. пед. наук: 13.00.01. – Б., 1992. – 191 с.